**Ош мамлекеттик университетинде адис даярдоо боюнча акы төлөнүүчү билим берүү кызматын көрсөтүү жөнүндөгү**

# КЕЛИШИМ

(ОшМУнун 2022-ж. 28.06 №20-Р/22 тескемеси менен бекитилген)

Ош шаары «___» _________ 2022-ж.

Бир тараптан Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор **К.Г. Кожобеков**, мындан ары «ОшМУ», КРдин "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамынын, университеттин Уставынын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык экинчи жактан, мындан ары «Студент» деп аталат.

___

(студенттин аты-жөнү же ишкана, уюм, фирманын аталышы, жетекчисинин аты-жөнү)

___

___,

(паспортунун номери, берилген датасы жана берген орган)

төмөнкүлөр жөнүндө ушул келишимди түзүшөт.

## I. Келишимдин негизи:

1.1. Университет контракттык негизде ___ адистиги/багыты боюнча ___

(орто кесиптик билим берүү, бакалавриат, специалитет, магистратура, ординатура, кошумча кесиптик билим берүү, кошумча семестр же курстар)

___

(күндүзгү, сыртан окуу, күндүзгү-кечки, дистанттык технологияларды колдонуу менен)

окуу формасында адисти даярдоо жоопкерчилигин өзүнө алат;

1.2. Студент же анын мыйзамдуу өкүлү университетке окуу акысын көрсөтүлгөн өлчөмдө жана тартипте төлөйт.

## II. Жактардын укуктары жана милдеттери:

**2.1. ОшМУ милдеттенет:**

2.1.1. Жалпы республикалык тестирлөөнүн жана/же кирүү сынактарынын жыйынтыгы боюнча, ошондой эле талап кылынуучу тиешелүү документтердин негизинде ОшМУнун 1-курсуна кабыл алууга, студенттик билет (катуу же электрондук түрү) жана зачеттук китепче (катуу же электрондук түрү) менен камсыз кылууга.

2.1.2. Талапка жооп берген билим алуу үчүн зарыл шарттарды түзүүгө жана инсанды тандаган кесиби боюнча квалификациялык мүнөздө ар тараптуу өнүктүрүүгө.

2.1.3. Билим берүү процессинин бардык мезгилинде студенттерге тарбиялоо ишин жүргүзүүгө жана аны уюштурууга; Студенттердин сабактарга катышуусун жана окуудагы жетишкендиктерин көзөмөлдөөгө, анын ичинде аралыктан билим берүү технологияларды колдонуу менен.

2.1.4. Көрсөтүлгөн тартипке ылайык социалдык кепилдик берүү жолу менен «Студенттин» укуктук кызыкчылыгын коргоого.

2.1.5. Окуу курсун толук аяктаары менен мамлекеттик, орус жана англис (чет өлкөлүк студенттер үчүн) тилдеринде даярдалган Кыргыз Республикасынын бекитилген үлгүдөгү билими жөнүндөгү дипломду "Студентке" берүүгө.

**2.2. ОшМУнун укуктары:**

2.2.1. Ар бир окуу жылынын башында инфляцияны жана университеттин реалдуу чыгымдарын эске алуу менен окуу акысынын өлчөмүн аныктоого.

2.2.2. ОшМУга абитуриенттерди кабыл алуу, студенттерди курстан-курска көчүрүү, бир адистиктен башка адистикке которуу, окуудан чыгаруу жана тикелөө буйруктарын чыгарууга.

2.2.3. Күндүзгү окуу формадагы бакалавриат жана орто кесиптик билим берүү багытындагы студенттер 1-курста келишимдик акынын 50%ын 20-сентябрга чейин, сырттан окуу жана күндүзгү-кечки формадагы бакалавриат, орто кесиптик билим берүү жана магистратура багытындагы (бардык формалары) студенттер 1-курста келишимдик акынын 50%ын 20-октябрга чейин, аспирантура жана ординатура багытындагы студенттер 1-курста келишимдик акынын 50%ын 01-ноябрга чейин, кошумча кесиптик багыттагы жана кошумча семестрге катышууга уруксат алган студенттер келишим түзгөн күндөн тартып үч күндүн ичинде төлөбөгөн учурда адисти даярдоо жөнүндө келишимди бузууга. Бул учурда «Студентти» сабактарга киргизбөөгө жана аны окуудан четтетүүгө кошумча буйрук чыгарууга.

2.2.4. Окутуу үчүн келишимдик акыны өз убагында төлөбөсө, академиялык карыздары болсо, семестр ичинде себепсиз 60 академиялык саат же кредиттик окутуу тутумунда 48 саат калтырса, университеттин ички тартибин бузган болсо жана өз каалосу менен арыз жазган учурда окуудан чыгарууга.

2.2.5. Ушул келишимдин 2.2.4. пунктуна ылайык, «Студент» окуудан чыгарылса, «Студенттин» окууга төлөгөн акчасын кайтарууда, окуудан четтетилген мөөнөтүнө жараша чыгымын кармап калууга.

2.2.6. "Студентке" каалоосуна жараша кошумча билим берүү кызматтарын кошумча акы төлөө менен сунуштоого жана муктаждыкка карай жана мүмкүнчүлүккө жараша жатаканадан орун берүүгө.

2.2.7. «Студент» академиялык өргүүдөн кайтканда, же студенттердин катарына кайрадан тикеленгенде окуу акысынын өлчөмдөрүн жаңы тариф менен төлөөсүн кайра карап чыгууга.
2.2.8. Академиялык карыздарды жоюу үчүн окуу жүктөмүнө жараша наркын эсептөө жолу менен кошумча акы төлөө аркылуу жайкы кошумча семестр уюштурууга.

**2.3. Студент милдеттенет:**

2.3.1. Уставды, окутуунун регламентин, ички тартип эрежелерин сактоого жана университеттин жетекчилигинин буйруктарын, токтомдорун аткарууга;
2.3.2. Тиешелүү окуу пландарына жана окутуу программаларына ылайык бекитилген формадагы жана түрдөгү сабактарга катышууга, окуу процессинин иш ыраатын сактоого;
2.3.3. Багыттар боюнча жогорку (орто) кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын талабына ылайык окуу программасын өздөштүрүүгө.
2.3.4. Күндүзгү окуу формадагы бакалавриат багытындагы студенттер 1-курста келишимдик акынын 50%ын 20-сентябрга чейин, сырттан окуу жана күндүзгү-кечки формадагы бакалавриат багытындагы жана магистратура багытындагы (бардык формалары) студенттер 1-курста келишимдик акынын 50%ын 20-октябрга чейин, аспирантура жана ординатура багытындагы студенттер 1-курста келишимдик акынын 50%ын 01-ноябрга чейин, кошумча кесиптик багыттагы жана кошумча семестрге катышууга уруксат алган студенттер келишим түзгөн күндөн тартып үч күндүн ичинде жана 01-февралга чейин калган 50%ын төлөөгө.
2.3.5. Кийинки курстарда окутуу акысынын 50%ын 1-октябрга чейин (сырттан окуу бөлүмү үчүн 20-ноябрга чейин), экинчи жарым жылдыгы үчүн 50%ын 1-февралга чейин төлөөгө. Кийинки курстарга которулгандан соң окуу акысын университеттин www.oshsu.kg сайтында жарыяланган тарифтери боюнча төлөөгө.
2.3.6. Эгер "Студент" кайсы бир себептер менен окуусун улантпай калса, сабакка келбей калган күндөн тартып ректордун атына арыз менен кайрылып, билдирүүгө милдеттүү. Студент окуу жылы үчүн акы төлөй элек болсо, окуудан четтетүү буйругунун мөөнөтүнө чейин окуу акысын төлөөсү керек, ага чейин өздүк документтери колуна берилбейт.
2.3.7. Ар кандай коомдук-маданий иш-чараларга активдүү катышууга. Университеттин мүлкүнө аяр мамиле жасоого, мүлккө зыян келген учурда төлөп берүүгө. Бул келишим түзүлгөндөн кийин, билими тууралуу документтердин түп нускасын мамлекеттик (же орус) тилге котормосу менен камсыздоого.
2.3.8. ОшМУга өздүк документтерин тапшырууда алардын тууралыгына жана мыйзамдуулугуна жеке өзү жоопкерчилик тартат.

**2.4. Студенттин укуктары:**

2.4.1. Заманбап илим, техника жана маданияттын өнүгүшүнө ылайык билим берүүнүн мамлекеттик стандарты талап кылган деңгээлде билим алууга.
2.4.2. Университетке студенттерди кабыл алуу, которуу, тикелөө жана окуудан чыгаруу буйруктары жөнүндө маалымат алууга.
2.4.3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоо менен маанилүү маселелерди талкуулоого жана чечүүгө, ар кандай техникалык жана өздүк көркөм чыгармачылыкка катышууга;
2.4.4. Университеттин студенттик уюмунун мүчөсү болууга жана ал аркылуу өзүнүн социалдык, укуктук таламдарын коргоого, ошондой эле тиешелүү тартипке ылайык студенттик бийлик органдарына жана өзүн-өзү башкарууга шайланууга жана шайлоого укуктуу;
2.4.5. Студенттик кошундарды жана улуттук маданий көңүл ачуучу борборлорду уюштурууга, университет жөнүндө ишенимдүү маалыматтарды жайылтууга;
2.4.6. Ден соолугуна байланыштуу жана жобого ылайык бир жылдык академиялык өргүү алууга укуктуу.

## III. Жалпы жоболор.

3.1. Келишим тараптар кол койгон күндөн баштап күчүнө кирет жана студенттин окуу мөөнөтү бүткөнгө чейин жарамдуу.
3.2. Келишимде көрсөтүлгөн милдеттер тараптар тарабынан аткарылбаса, мөөнөтүнөн мурда тараптардын жазуу жүзүндө же электрондук почта аркылуу билдирүүсүнөн соң 10 күндөн кийин бузулат.
3.3. Келишим боюнча тараптар арасында талаш маселе болсо, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде чечилет.
3.4. Келишим эки нускада түзүлөт жана эки тарап бул келишимден бир нускадан өздөрүнө алышат.

**ОшМУнун ректору,**
**проф. К. Г. Кожобеков**

_______________
колу

2022-ж. «__» _______
723500. Ош ш., Ленин к., 331
mail@oshsu.kg
тел.: 7- 22 -73:

**Студент же анын мыйзамдуу өкүлү**
___________________________
Ф.А.А.

_________________
колу

__________________
паспорт №

2022-ж. «__» _______Рег.№____

Дареги: ______________________
эл. дареги________________
тел.: _____________________

**Мекеме же**
**фирманын жетекчиси**

_____________________
Ф.А.А.

_____________________
колу

2022-ж. «__» _______

Дареги: _____________________
эл. дареги________________
тел.: _______________________